1. Володин, Б.Ф. Всемирная история библиотек / Б.Ф. Володин.-СПб.: Профессия,2002.-352 с.
2. Гусева, Е.Н. Библиотеки и инновации: социальные и управленческие аспекты / Е.Н. Гусева //Научно-технические библиотеки.-201.-№6.С.28-42с.
3. Дворкина М.Я. Библиотечное обслуживание: Новая реальность: Лекции /М.Я. Дворкина. М.: Изд-во МГУКИ ; ИПО «Профиздат», 2000. -46 с.
4. Древетняк, Е.В. Роль библиотеки в современном информационном пространстве / Е.В. Древетняк // Ученые записки Таврического национального университета им. В.И. Вернадского Серия «Философия. Культурология. Политология. Социология». -Том 24 (65), 2013.- № 3, с. 101–106.
5. Захарова, Н.Б. Культурно-информационная функция библиотеки / Н.Б. Захарова https://cyberleninka.ru/article/n/kulturno-informatsionnaya-funktsiya-biblioteki-transformatsiya-v-sovremennom-mire
6. Степанов, В.К. Новое видение библиотеки как социального института в обществе знаний/ В.К. Степанов// Научно-технические библиотеки.-2019.-№1.-С.7-16.
7. Сетевое взаимодействие библиотек: материалы международ. конф. – СПб., 2000.
8. Параманова, И.Е. Модели компетенций для сотрудников специальных библиотек: зарубежный опыт / И.Е. Параманова //Научно и технические библиотеки.-2019.-№7.-С.3-11.
9. Шкред, К.В. Стенографический отчет. Трансформация роли библиотек в цифровую эпоху. Проблемы обеспечения парламентской деятельности / К.В. Шкред //Аналитический вестник.-2018.-№3(692).С.7-8.

**Рецензент: д.и.н., профессор Шаймергенова Т.А.**

УДК 130.2.
DOI 10.33514/1694-7851-2020-3-126-130

**Токтогулова Гүлжамал Тыныбековна**
филос.и.к. ЖАМУнун доценти
**Токтогулова Гүлжамал Тыныбековна**
к.филос.н.,доцент Жалал-Абадского Государственного университета
**Toktogulova Gulzhamal Tynybekovna**
PhD in Phylosophy, Associate Professor of Jalal-Abad State University
**e - mail:** toktogulova.72@mail.ru

# РУХАНИЙ КООПСУЗДУКТУН ИЛИМИЙ АНАЛИЗИ
# НАУЧНЫЙ АНАЛИЗ ДУХОВНОЙ БЕЗОПАСНОСТИ
# SCIENTIFIC ANALYSIS OF SPIRITUAL SECURITY

**Аннотация:** Бул илимий макалада руханий коопсуздук маселесине илимий анализ жасалды. Илимий изилдөөдөгү негизги багыт азыркы коом үчүн өтө актуалдуу болуп саналган баалуулуктар, адам, коом, мамлекет экзистенциясынын коопсуздук маселелерине арналды. Ааламдашкан алкак көптөгөн мамлекеттерге көп кырдуу таасир тийгизип, коомчулуктун руханий маданияты приори жана коомдун руханий коопсуздугу менен байланышкан көйгөйлөр азыркы коомдун дашоосунда өтө актуалдуу болууда. Ошондой эле коомчулукка

сунушталып жаткан руханий коопсуздук темасындагы илимий макала бүгүнкү күндүн зарыл актуалдуу маселеси экендигин  тастыктап турат.

**Түйүндүү сөздөр:** руханий коопсуздук, коопсуздук, руханий маданият, нравалык ишмердүүлүк, нравалык аң-сезим, саясий сингулярдуулук,  жаштар маданияты,  мамлекет, коом,  инсан.

**Аннотация:** В статье особое внимание уделяется духовной безопасности и культуре человека в обществе. Основной акцент автором сделан на вопросах аксиологии жизни и безопасной экзистенции человека, общества и государства, что актуально для современного социума.  И нельзя забывать, что общество считают о необходимости анализировать такие проблемы как духовная безопасность на научном аспекте.

**Ключевые слова:** духовная безопасность, безопасность, духовная культура, нравственная деятельность, нравственное сознание, политическая сингулярность, культура молодежи, государства, общество, личность.

**Annotation:** The article focuses on the spiritual safety and culture of youth in society. The main emphasis is made by the author on the issues of the safe existence of man, society and the state, which is relevant for modern society. Modern society is multidimensional and the complexity of the situation lies in the fact that in a globalizing social space, the problem related to the spiritual safety of society and the priority of the spiritual culture of youth is especially relevant.
And we must not forget that society considers it necessary to analyze such problems as spiritual security on a scientific aspect.

**Key words:** spiritual safety, security, spiritual culture, moral activity, moral consciousness, political singularity, culture of youth, state, society, personality.

Руханий коопсуздук маселесин илимий анализге алууда бир катар мамлекеттер өз активдүүлүгүн көрсөтүшүп, азыркы коомчулук үчүн тарыхый, философиялык, социологиялык, психологиялык, конфликтологиялык аспектиде илимий жыйынтыктарын сунушташкан. Анткени бул маселенин кыргыз коому сыяктуу эле көптөгөн мамлекеттерде актуалдуулугу жогорулап, коопсуздук чараларын көрүүнүн илимий анализи талап кылынган. Мындай көйгөйлүү маселелердин жаралуусуна ааламдашкан алкактын таасири чоң экендиги жалпыга белгилүү. Мындай таасирден кыргыз коому да четте калбастан, бүгүнкү күндө техника-технологиянын өнүгүүсүн өз жашоосуна туура пайдалана албаган учурлары көп эле кездешет. Демек, руханий кооптуу абалдын кыргыз коомунда да жаралып жаткандыгы жашыруун эмес. Ар кандай көйгөйлүү маселени илимдин көзү менен карап, алдын алуу же чечүү жолдорун сунуштап турбаса, туңгуюка кептелээри турган көрүнүш. Мындай кооптуу абалды абалтадан эле сезип, туя алган улуу кыргыз акылы келечек муундарды салттык билимдин негизинде тарбиялап келгендиги белгилүү жана көптөгөн башка улуттардан айырмаланган спецификалык өзгөчөлүктөргө ээ. Кийинки муундун ар тараптуу өнүгүп-өсүүсүн эске алган  кыргыз элинин тунук акылы, салттык билимди кийинки урпака сиңирүү болуп, атага тең же атадан артык уулду тарбиялоо зарылдыгын баамдап, туйган.

Бул илимий макаладагы көңүл бурулуучу негизги категориялар  катары «келечек муун», «адам», «коом» жана «руханий коопсуздук» темалары каралып, мындай проблемаларды чечмелеген белгилүү илимпоздордун эмгектери кеңири пайдаланылгандыгын белгилей кетейин.  Келечек муун же тактап айтканда жаштар – бул коомдук түзүлүш, маданият, социалдаштыруу мыйзам ченеми, учурдагы коомду тарбиялоо менен аныктала турган жаш өзгөчөлүгүнүн, социалдык абалынын жана башка социалдык-психологиялык

өзгөчөлүү шарттарынын негизинде өзүнчө бөлүнүп турган социалдык-демографиялык топтордун бири. Кыргызстанда 14 жаштан 35 жашка чейинки курактагылар жаштар категориясына кирет. Жаштар маселесин илимий анализге алган кыргыз коомундагы бир катар окмуштуулар бар экендиги белгилүү. Бирок алардын көпчүлүгү түздөн-түз руханий коопсуздук маселесине кайрылышпагандыгын белгилөөгө болот. Ал эми жаштар категориясы кандай жаш өзгөчөлүктөрдөн тураарын, биздин өлкөдөгү расмий маалыматтар боюнча тактай кетсем, Кыргызстандын жалпы калкынын 48% жаштар түзүп, 2013-жылдын башына карата калктын орточо курагы – 27,2 жашка барабар, эркектер – 26,3, аялдар 28,1 жаш [7].

Илимий макаланын өзөгүн түзгөн руханий коопсуздук категориясы – бул маданий потенциалга негизденген бүтүн социомаданий система катары коомдун туруктуу функцияланышы жана коопсуз социалдык системанын жашоо жолу. Руханий коопсуздук маселесин илимий анализге алууга бир катар илимпоздор тартылып, айрыкча орус илимпоздорунун илимдин ар кандай багыттарында анализдөөсү бизге теориялык жана методологиялык негиз болот. Алардын бири С. Н. Соколова руханий коопсуздуктун архитектоникасына төмөндөгүдөй токтолот: «биринчиден, аксиологиялык вариант катары коомдук мамилеге басымдуу көңүл бурсак, "өз алдынча жөнгө салынуучу система катары, сапаттуу реалдуулук, ар намыс, интуиция, өздүк аң-сезим, социумдун жана инсандын өнүгүшүнүн аныктоочу элементи болуп саналуу менен бирге рухайнийлүүлүктүн негизин түзөт. Экинчиден, материалдык түзүмдөр коомдун руханий коопсуздугуна, инсандык маданиятка гана таасир этпестен, азыркы илимий ачылыштарга жана инновациялык багыттарга, жогорку технологиянын тереңдеп кирүүсүнө, иштеп чыгуудагы негизги шарт катары таасир этет. Азыркы мезгилдеги материалдык жана руханий факторлордун шартташуусу жана өз ара таасири эч кимди күмөн санабайт. Жалпы эле дүйнө элиндеги технологиянын жогорку темпте өнүгүүсү, компьютердик тармак программасынын да кескин өнүгүү доору, адамзаттын күнүмдүк жашоосуна нанотехнологиянын, жасалма интелектин элементтеринин түрү катары биотехнология, электромобилдүүлүк, биоробот, киборг менен байланышкан жаратмандыкты интенсивдүү колдонуу коомдук мамиленин жана коомдук түзүмдүн өзгөрүүсүнө алып келүүсү да күмөн жаратпайт [1, 187-189-б.].

Соңку учурдун нанотехнологиясынын жетишкендиктеринин оң жана терс таасирлери учурдагы кыргыз коомуна да тийип, айрыкча жаштардын техника-технологияга болгон көз карандылыгы өөрчүп бараткандыгы сезилээрлик көрүнүшкө айланууда. Белгилүү окмуштуунун пикирине ылайык: «адамдын эволюциялык өнүгүшү жана коомдук мамилеси түздөн-түз таасирлерден дайыма өзгөрүп туруучу реалдуулук, башкача айтканда инсан рефлекциялашат, бирок дайыма эле адекваттуулукту жана позитивдүүлүктү жаратпайт»[1] тургандыгы белгиленсе, кийинки окмуштуу: «Кийинки адам болумушунун бир кыйла жогорку деңгээли, болумуштун бардык башка түрлөрүнөн кординалдуу айырмаланат, башкача айтканда анын имманенттүү маңызы болуп, анын сапаттуу элементи жана жашоосу катары ал тарабынан жаратылган маданияттын продуктысы» - саналат дейт [2, 16-б.]. Коомдогу руханий маселесин тереңдетип изилдөөгө салым кошкон изилдөөчүлөр инсандын коомдук мамиленин объектиси жана жашоонун баалуу маңызы, нравалык ишмердүүлүктүн натыйжасы, көп кырдуу руханий энергиянын алып жүрүүчүсү экендигин, өз тандоосуна ылайык коомдошуусун, коомго адаптацияланууга умтулуусун, ошол эле мезгилде көбүнчө депривация шартына жана татаал социалдык өз ара таасирлерге дуушар болуусун белгилөө менен бирге, «Дүйнөнүн объективдүү татаалдыгы кырдаалдык багыттагы көп түрдүүлүктүн

бирден бир өбөлгөсү экендигин, ошондой эле социалдык реалдуулук жана ар түрдүү табияттык, руханий классификациялардан тураарын» [3, 138-б.] белгилешет.

Учурдагы коомчулук келечек ээлеринин маданиятын, билим деңгээлин, өнүгүү багытын жана руханий коопсуздугун илимий анализге алган концептуалдуу изилдөөлөргө муктаж. Бул пикирди айтуу менен проблема катары коомчулукка сунушталып жаткан руханий коопсуздук маселесин изилдөөгө таптакыр көңүл бурулган эмес дегенден алысмын. Анткени байыркы мезгилден эле бул теманын алкагында бир катар ойлор ортого салынып келген. Анткени, адам дүйнө түзүмдүн табышмактуу жандыгы жана техногендик коомдун прогрессивдүү өнүгүүсүн гарантиялаган болумуш. Адам баарын жаратуучу, өзгөртүүчү, өнүктүрүүчү жана кыйратуучу өзгөчөлүктөргө ээ. Ошондуктан адам тарабынан жаратылган көрүнүштөрдүн ар түрдүү түстө болуусун жана коомдо көп кездешип жаткан табигый катастрофаларды жаратуусун көрүп туруп, “цивилизация – кыймылдуу прогресс спиралы жана адамзат тарыхына адамзаттын улам кийинки муунун жаратуу менен аларды социумдун туткунуна айландыруу көрүнүшүн калтырып жаткан сыяктуу” [2, 92-б.] деген пикир менен ынанууга болот.

Ал эми илимде кездешкен экинчи пикирди анализдесек, коомдук мамиленин ар түрдүүлүгү жана ар түрдүү социалдык байланыштын көп түрдүү мүнөзү дайыма эле позитивдүү болбогон субъективдүү мүнөзгө ээ. Соңку мезгилдеги адамдардын жүрүм – турумунда агресивдүү-бруталдык мүнөз басымдуулук кылып тургандыгын байкоогоболот. Ошондуктан коомго жана адамга таасир этип жаткан агресивдүү стереотиптерди өзгөртүү максатын ишке ашыруу зарылдыгы көп эле айтылып келет. Тактап айтсам, антибаалуулуктарды салттык баалуулуктар, нравалык ишмердүүлүк жана социалдык нормалар менен алмаштыруу зарыл деп ойлойм. Андан ары, коомдук мамиленин аксиологикасы талап кылгандай, коомдун руханий коопсуздугунун бир кыйла таасирдүү формуласын ишке ашыруу керек. Бул келечекте, адамга жана социумга гуманистик принциптердин негизинде прогресивдүү өнүгүүгө, коркунучтарды жана угрозаларды төмөндөтүүгө алып келет. Окмуштуулардын пикирине ылайык, “”моралдык баалуулук жашоосунун негизги мазмунун түзбөгөн инсан, тайкы билимдүү адамга караганда, коом үчүн көбүрөөк кооптуу болуусу мүмкүн [4, 48-б.].

Коомдук мамиле баалуулук көрүнүшү менен ширелишип жаткан маалымат коомунун доорунда өз өлкөсүнүн мамлекеттик символдорун, гимнин, жашап жаткан бийлигин, мыйзамдарын, жалпыга милдеттүү жүрүм-турум нормаларын, табият жана социум гармониясына умтулууну, толеранттуулукту, өздүк аң-сезимдин жогорку деңгээлин милдеттүү сезүүнү, азыркы кесиптик билимди, нравалык аң-сезимди, интелекти алып жүргөн инсандын коопсуздук системасы өзгөчө актуалдуулукка ээ болгон көрүнүш болуп саналаары да белгилүү.

Дүйнөлүк коомчулукта илимий изилдөөгө алынып, теория катары сунушталган негиздерге таянуу менен руханий коопсуздукка негиз болуп саналган экзистенциалдык маселелер катары төмөнкүлөрдү белгилей кетейин: биринчиден, азыркы социумдагы жаштардын жүрүм-турумундагы агресивдүү стереотиптер жана коомдук мамиледеги дегумандуулук менен байланышкан маселелерди бүгүнкү күнү чечүү багытында гумандуулук принциптер жана нравалык аң-сезим маселесинин илимий анализин тез арада мамлекеттик жана улуттук менталитетке ылайыктап иштеп чыгуу. Экинчиден, бүгүнкү күнү байкалган коомдук мамиледеги дегумандуулук жана брутализациянын үстөмдүк кылуусу эч кимге жашыруун сыр эмес, ошондуктан, нравалык ишмердүүлүктү ишке ашыруу алгоритмин тездик

менен ишке ашыруу сунушталат. Жогорудагы ойду илимпоздордун пикири менен бекемдесем, социумга интернет технологиясынын жардамы менен коопсуздук баалуулуктарынын зарылдыгын тираждап сунуштоо керек [5, 336-б.]. Демек, руханий маданият адамдардын, айрыкча келечек муундун жүрүм-турумунун негизги стереотиптерин, нормаларын, баалуулуктарын аныктоочу жана коомдук мамилени жөнгө салуучу маанилүү багыт.

Руханий маданияттын жогорку деңгээли жана аны аныктаган негизги принциби болуп, нравалык аң-сезим, нравалык ишмердүүлүк, адамды асыроо жөндөмдүүлүгү салттык баалуулуктарга болгон мамиле саналып, жаштар бир гана демографияга салым кошуучу, улуттун учугун улоочу, же коомдук керектөөнү ишке ашыруучу каражат болбостон, ошол эле кезде өзү баалуу жана ийгиликтүү социалдашууга, креативдүү рефлекция жараянында коопсуз экзистенцияга, өздүк реализацияга, өздүк актуалдашууга салттык билимди ала жүрүүгө муктаж. Демек, «Адамдын дүйнөгө ыңгайлашуусу дайыма эле болумуштун жаңы бөлүмдөрүн ачуу менен коштолбостон, ал учурдагы жаңы ой-пикирлерди жана баалуулуктарды да өзүнө сиңире тургандыгын адам дайыма эске алуусу зарыл» [4, 58-б.]. Ошондуктан, руханий коопсуздук руханий маданияттын көрсөткүчү катары философтор тарабынан нравалык аң-сезимдин деңгээли жана моралдын абалын баалоонун критерийи катары каралып келген. Анткени ал моралдын негизги элементи болуу менен анын коомдогу мамилесин чагылдырат жана анын жардамы аркылуу инсандын нравалык ишмердүүлүгүн жөнгө салат. Руханий маданият дайыма эффективдүү коопсуздукту ишке ашыруунун зарыл шарты болуп келген жана ошол бойдон калат.

Жыйынтыктап айтканда, биринчиден, ааламдашкан саясий шарт социалдык мейкиндикте сапаттуу өзгөрүүлөр менен коштолуп, азыркы мезгилдеги жалпы адамзаттын анын ичинде келечек муундун маданиятын жана коомдун руханий коопсуздугун актуалдаштырып, адамдын нравалык ишмердүүлүгүнө, салттык баалуулук системасына объективдүү таасир көрсөтүүдө. Экинчиден, азыркы коомдогу баалуулук ваакумунун пайда болушуна байланыштуу учурдагы адамзат жана келечек муундун маданияты жана коомдун руханий коопсуздугу менен байланышкан маселелерди чечүүнүн жолун табуу зарылдыгы, автоматтык түрдө ишке аша албай келет. Дал ошол себептен, баалуулук коопсуздугун ишке ашыруунун ар кандай усулдары, ыкмалары массалык маалымат каражаттарынын негизги функциясына айлануусу зарыл. Ошондой эле улуттук коопсуздуктун базалык элементи болуп, руханий коопсуздук эсептелгендиктен, ал коомдук аң-сезимди, руханий баалуулукту, маданиятты жогорулатат жана коом, мамлекет, жалпы адамдык прогресс жана руханий жогорулоо үчүн шарт түзөт десем жаңылбайм.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Соколова С.Н. Духовные факторы информационной безопасности: механизмы регулирования и приорireты. М.:2014, с.187-189.
2. Лебедев С.А. Многомерный человек:онтология и методология исследования. М.: 2010.-с.96.
3. Букреев В.И. Человек агрессивный. М.: МПСИ, 2007.-336с.
4. Грозов В.В. Умом и совестью. О необходимости введения в белорусских школах курса «Основы отечественной духовной культуры». Белоруссия.: 2011.-48-51-с.
5. Теребихин В.М. Национальной безопасность: научный анализ. М.: 2010.-376с.
6. Адам укуктары, демократия, бийлик. Энциклопедиялык сөздүк. – Б.: 2015. -496

**Рецензент: филос.и.к., доцент Шамшиев Р.К.**